| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он экинчи сессиясы

# ТОКТОМ №12-1

Мундуз айылы 5-август 2025-жыл

## Кызыл-Туу айыл өкмөтүнө “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу кызматтык унаа алууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-июлундагы №633-т тескемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2025-жылдын 1-августундагы чыгыш № 01-13/696 сандуу катын, “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коомунун 2025-жылдын 30-июлундагы чыгыш № 1-08-2/210 сандуу катын жана Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-августундагы чыгыш № 01-28/1581 сандуу катын негиздеп, айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 5-августундагы отурумунун № 4 протоколун жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн эсепчиси Г.Нуруеванын берген маалыматы эске алынсын.
2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнө лизингге кызматтык унааны “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу алууга макулдук берилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовго милдеттендирилсин.
4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он экинчи сессиясы

**ТОКТОМ №12-2**

Мундуз айылы 5-август 2025-жыл

**Кызыл-Туу айылдык кеңешинин 2025-жылдын 2-апрелиндеги № 9-6 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун 2025-жылдын 4-августундагы чыгыш № 01-28/1587 сандуу катынын негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 5-августундагы отурумунун №7 протоколун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айылдык кеңешинин 2025-жылдын 2-апрелиндеги № 9-6 “Жашасын-2 айылындагы жер аянтын бир багытынан башка багытка которуу жөнүндө” токтомунун 1-пунктундагы “0,38 га сугат айдоо жана 0,62 га жайыт жер аянтына” сүйлөмү, “0,38 га жайыт жана 0,62 га сугат айдоо жер аянтына” сүйлөмүнө өзгөртүлсүн.
2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго токтомдогу өзгөртүүлөрдүн негизинде иш алып баруу милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду колдоп берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.
4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**